Я.Я.Ваккер атындагы
жалпы билим берүү орто мектеби

# *Тарбиялоо процессин уюштуруунун натыйжаларына негизделген ТИ боюнча директордун орун басарынын анализи 1-чейрек*

***2022/2023 окуу жылы үчүн***

**Я.Я.Ваккер атындагы жалпы билим берүү орто мектебинде**
**1-чейректе тарбия иштери боюнча өткөрүлгөн**
**иш чаралар тууралуу иш баян**
**2022-2023-окуу жылы**

Я.Я.Ваккер атындагы жалпы билим берүү орто мектебинде 1-чейректе тарбия иштери боюнча көптөгөн иштер жүргүзүлдү.

Мектеп ишин 1-сентябрь Билим күнү менен баштады.

Я.Я.Ваккер атындагы ЖББ орто мектебинде салтанаттуу жыйын саат 9-00дө, Кыргыз Республикасынын Туусу көтөрүлүп, КР Гимни менен башталды. Мектептин директору Тыныстанова Салтанат Адильевнанын куттуктоо сөзү жаңырды. 11-класстын демилгеси менен даярдалган(жооптуулар: Сырдыбаева А.Т. жана Заболотько И.В.) салтанаттуу линейка өтүлдү. Салтанат мектептин таланттарынын ыр- бийлери менен коштолду.

1-сабак: 1-4-класстарда «Биз- Кыргызстандын келечегибиз!»,

5-6-класстарда ”Элдердин биримдиги көп түрдүүлүктө”,

7-9- класстарда “Эл биримдиги көп түрдүүлүктө”

10-11-класстарда ”Кыргыз жараны- жалпы жарандык иденттүүлүктүн негизи” темасында тарбиялык сабактар өтүлдү.

Окуучуларга окуу китептери таратылып берилип, сабактардын жүгүртмөсү менен окуучулар тааныштырылды.

Билим күнүнө арналган салтанаттуу линейкада окуучуларга жана ата-энелерге акция тууралуу, жолдо жүрүү эрежери тууралуу айтылды. Сентябрь айында “Абайлагыла, балдар!” девизинде иш алынып барылары жарыяланды.

“Абайлагыла, балдар!” темасында жолдо жүрүүнүн эрежелери тууралуу 1-11-класстарында класстык сааттар өтүлдү.

Директордун окуу-тарбия иштеринин орун басары Байрамукова П.А. класс жетекчилерди тааныштырды. Линейкада айылдын аймактык тескөөчүсү катышып, тартипти көзөмөлгө алып турду. Бул күнү эч кандай тартип бузуулар болгон жок, салтанат жогорку деңгээлде өттү. Окуучулар үйлөрүнө таратылды.

Мектепке 1240 окуучу кабыл алынды. Жаш бөбөктөр 0 жана 1-класска кабыл алынды.

Окуучуларга окуу китептери таратылып берилип, сабактардын жүгүртмөсү менен окуучулар тааныштырылды.

Август айында балдарды каттоо отчету боюнча иштер жүргүзүлдү. Мектептин мугалимдери окуучулардын үйлөрүн кыдырып, балдардын жашоо

шартын карап, тактап чыгышты. Мектепке бардык окуучулар кайтып келишти. Турмуш шарты оор абалда жашаган окуучуларга өзгөчө көңүл бурулуп, кийимдерине жеңилдиктер берилди.

Кыргыз элинин руханий маданиятынын ажырагыс бөлүгү катары салттуу музыканы комузсуз элестетүү мүмкүн эмес. Комуз кыргыз элинин маданиятында өзгөчө орунду ээлейт. Комуздун "күүлөрү"өзүнө философиялык ойлорду, жашоо-турмушту жана маданияттын өзгөчөлүгүн камтып, муундан-муунга өтүп, биздин күнгө чейин жетти.

Кыргыз Республикасынын экс президенти Жээнбеков С.Ш.тин жарлыгы боюнча "9-сентябрь- Комуз күнү" деп белгиленген.

Мектепте комуз күнүнө карата өтүлүүчү иш чаралардын планы иштелип чыгып, бекитилди.

"Комуз- улуттун сыймыгы" аталышында бурч уюштурулду. Жооптуу: Абдыракунова К.С.

"9-сентябрь- Комуз күнү" аталышында 1-11-класстарында класстык сааттар өтүлдү.

9-сентябрь күнү мектептин окуучуларынан турган топтун аткаруусунда, ар бир танапис убагында комуздун коштоосунда кыргыз күүлөрү жаңырып турду.

1-кабатта чоң экрандан кыргыз күүлөрү жана "Комуз күнүнө" карата куттуктоо сөздөр айтылып турду.

Мектепте өткөрүлгөн иш чаралар кыргыз элинин көп кылымдык тарыхын, турмуш-тиричилигин, салт-санаасын, Кыргызстан элдеринин маданиятын, элдик көркөм чыгармачылыгын өздөштүрүү, сактоо жана өнүктүрүү, балдарды өз элинин көп улуттуу маданиятын сыйлоого тарбиялоо максатында 23-сентябрь Мамлекеттик тилдин 33 жылдыгын өткөрүү боюнча иш чаралар өтүлдү.

Кыргыз тили – бул биримдиктин, ынтымактын тили деп билебиз. Мамлекеттик тилдин өнүгүүсү КРнын Конституциясынын 1989-жыл 23-сентябрында кабыл алынган «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тил жөнүндө» мыйзамынан башталып, бүгүнкү күндө бир кыйла ийгиликтерге жетишүүдө. Кыргыз тили жөнүндөгү мыйзамды турмушка ашырууда алгылыктуу иштер жүргүзүлүүдө, бул баарыбызга белгилүү. Кыргыз тили Кыргызстандагы бардык улуттардын башын коштуруп, ынтымак жарчысы болууга тийиш.

Кыргыз тилинин мамлекеттик статус алганына 33 жыл болду. Алгылыктуу иштер жүргүзүлүп, мамлекеттик тил катары кыргыз тилинин кадырын көрүү багытында бала бакчадан баштап республиканын жогору окуу жайларында, мектептерде көптөгөн уюштуруучулук иштер жүргүзүлүүдө. «Улут болсоң, тилиң менен улутсуң» дегендей, кыргыздын көөнө, бай тилин эң жакшы өздөштүрүп, турмушубузда пайдаланышыбыз керек. Мектепте класстык сааттар, линейка, викторина, манас айтуу жана көркөм окуу, сүрөт сынактары уюштурулуп , жеңүүчүлөр грамоталар менен сыйланышты.

Алмустактан бери ата-бабаларыбыз карыларды урматтап, “Карынын кебин капка сал”, “Карысы бардын ырысы бар” деп үйдө карыяларды төргө олтургузуп, кадырлап келишкен. Бүгүнкү күндө карыларыбыздын атайын майрамы белгиленип, 1-октябрь Эл аралык карылар күнү деп табылган. Бул күндү 1990-жылы БУУнун Баш катчылыгы расмий майрамдардын катарына киргизген.

Жыйырма жылдан ашык убакыттан бери кыргыз эли да атайын бул майрам күнү карыларга жылуу сөзүн айтып, жакшы тилектерин билдирип, кадырлап келет. Эл менен бирге Я.Я.Ваккер атындагы жалпы билим берүү орто мектебинде дагы жылыга карылар күнүн көңүл сыртында калтырбай, карыларга белектерин тартуулап, өзгөчө сый көрсөтүшөт. Быйыл да салтка айланган майрамды утурлап мектепте иш-чаралар өткөрүлдү.

29.10.22-ж. 11-а классы, класс жетекчиси Ибраимова Т. жетекчилиги астында “Келгиле жакшы иштерди жасайлы”(“Давайте делать добрые дела”) аталышында акция жүргүзүлдү.

Мектепте дубалдарга “Жолдо кары кишинин жүк көтөрүп бараткан көрсөң жардам бер”, “Коомдук унаада кары кишиге орун бер”, ж. б. у.с. чакырык кагаздар илинди.

30.09.22-ж. “Карылар биздин сыймыгыбыз” деген темада линейка өткөрүлдү.

28.10.22-ж. “Жан дүйнөнүн жана журөктүн сулуулугу жөнүндө” (“О красоте души и сердца”) аталышында бардык класстарда класстык сааттар өткөрүлдү.

5-октябрда мугалимдер күнү белгиленди. Бул күнү эртең менен ОТИ боюнча директорунун орун басары, ТИ боюнча директордун орун басары жана мектеп парламентинин уюштуруусунда музыканын, куттуктоо сөздөрдүн

коштоосунда мугалимдерди “Мыкты мугалим” медалы менен куттуктап тосуп алышты.

Мугалимдер күнүнө карата окуучулар чакан концерт коюшту. Концерт мектеп турмушунан тартылган слайддар менен коштолуп, шаңдуу болду. Бул концертке мектепке эмгеги сиңип,көп жыл эмгектенип,иштеп кеткен ардагер мугалимдер да чакырылды.

Мектеп директору мугалимдерди куттуктап,каалоо-тилегин айтып,жакшы эмгектенген мугалимдерге грамота тапшырды жана келген конокторго чакан белек берди.

Мектепте кырсыктардын тобокелдигин азайтуу боюнча алдын алууга карата план түзүлүп, бекитилди.

“Абайлагыла, балдар! “ акциясынын негизинде көптөгөн иштер жүргүзүлдү.

14.09.22-ж. “Абайлагыла, балдар!” темасында жолдо жүрүүнүн эрежелери тууралуу 1-11-класстарында класстык сааттар өтүлдү.

09.09.22-ж. “Жолдо жүрсөң, абайла” темасында линейка өткөрүлдү.
8-а классынын окуучулары эрежелерди ыр түрүндө, сүрөттөр менен көргөзмөлүү, жеткиликтүү кылып, айтып беришти. Жооптуу Б.К. Акматова 8-а классы менен.

16.09.22-ж. “Темир жолдо өзүн кандай алып жүрүү керек?” деген темада линейка өткөрүлүп, аңгемелешүү болду. Жооптуу 7-г класс, класс жетекчиси Суйумбаева Э.Н.

Ар жума сайын окуучуларга «Жолдо жүрүүнүнүн эрежелери» боюнча түшүндүрүлүп, аңгемелешүү жүрүп турат. Бардык класстарда, ата-энелер чогулушунда жолдо жүрүүнүн эрежери айтылып, балдарына түшүндүрүп, сак болуулары эскертилди.

“Өрт коопсуздугун алдын алуу”боюнча:
07-23.09.22 -ж. Окуучуларга өрт коопсуздугун алдын алуу эрежелери, өрттүн келип чыгуу себептери жана ушу сыяктуу алдын алуу иш чаралар “Эгер сен өрт менен жекеме-жеке калсаң”, “Токой өртү”, “Үйдөн чыккан өрт”, “Өрт коопсуздугу боюнча алфавит” деген темаларда технология жана ТТКН сабактарында өтүлдү.

07-23.09.22 “Эгер сен өрт менен жекеме-жеке калсаң”, “Токой өртү”, “Үйдөгү өрт”, “Өрт коопсуздугу боюнча алфавит” аталышында класстык сааттар өтүлдү. Класстык сааттарда:  өрттүн келип чыгуу себептери, аларды өчүрүү аракеттери, өрттүн кандай учурда “дос”, ал эми кандай учурда “душман” болоору, өрт болгон учурда кайда кайрылуу керек деген суроолордун үстүндө маалыматтар берилип, балдар арасында талкууланып, мектеп ичинде эвакуациялоо иштери  жүргүзүлдү. Аңгемелешүүлөр 1-11-класстарынын класс жетекчилери өтүштү.

07.09.- 23.09.22-ж. “Өрт жана балдардын өрт менен ойноо шалаакылыгын алдын алуу” темасында 1-4-класстарында сүрөт жана 5-11-класстарында дубал гезиттер тартылып, илинди.

19.02.21-ж. “Өрттөн сак бол” аталышында станция конкурсу өткөрүлдү. 5-7-класстарынын окуучуларынан ар бир класстан топтор түзүлүп, катылган станцияларды таап, берилген тапшырмаларды аткаруу милдети коюлду. “Кызыктар станциясы”, “Эскертүү станциясы”, “Техникалык станциясы”, “Алдын алуу станциясы” аттуу станциялардан окуучулар өтүшүп, тапшырмаларын аткарышып, төмөндөгүдөй орундарга ээ болушту. Байгеге ээ болгон топтор грамоталар менен сыйланышты.

19-25.10.22-ж. Мектепте “Күз майрамы” болуп өттү. 1-6-класстарынын окуучулары жашылча-жемиштер менен жасалган көргөзмөлөрүн даярдашып, күзгө арналган музыкалык номерлер менен коштолду. 8-11-класстарында “Күз периси” сынагы өткөрүлдү. Бул иш чаралар калыстар тарабынан бааланып, жеңүүчүлөр грамота менен сыйланышты.

Күзгү эс алууга чыгуу алдында окуучулардын коопсуздугун алдын алуу максатында:  жолдо жүрүү, темир жол жана коопсуздук эрежелери менен класс жетекчилер тарабынан аңгемелешүү иши жүргүзүлдү.

Мектеп директору: Тыныстанова С.А.

ТИ б-ча директордун орун басары: Орозбаева Ж.К.